# Башкаруучу кадрлардын резервин түзүүдө жана ССУ жетекчилерин колдоодо Саламаттык сактоону өнүктүрүү жана медициналык технологиялар борборунун ролу

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН АССОЦИАЦИЯСЫНЫН I СЪЕЗДИ**


**Парханов Замирбек Абдиганыевич**

ССӨжМТБнын Директору


31-май, 2024-ж., Бишкек ш.

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

HFA Swiss Project

# Саламаттык сактоону өнүктүрүү жана медициналык технологиялар борбору (ССӨжМТБ)

**ССӨжМТБ** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча «Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө» Программасы боюнча Иш-чаралар планын (7.2.2.Иш-чаранын 1-пунктун) ишке ашыруу максатында 2019-жылда түзүлгөн (КР ССМдин 2019-жылдын 26-июлундагы № 797-буйругу)

**Миссиясы**: Саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү үчүн илимий жактан негизделген, деталдуу эсептелген жана салмакталган чечимдерди иштеп чыгууга көмөктөшүүчү Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо системасын өнүктүрүүнү сапаттуу аналитикалык, методикалык жана маалыматтык колдоо.

**Максаты:** Өлкөдө туруктуу жана натыйжалуу иштеген саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигин илимий-методикалык колдоо.

# ССӨжМТБнын ишмердүүлүгүнүн алты негизги багыты

- Баалоо-талдоо
- Ченемдик-методикалык
- Координациялык
- Илимий-изилдөө
- Билим берүүчүлүк
- Маалыматтык

# ССӨжМТБнын бөлүмдөрүнүн функциялары




**Саламаттыкты сактоо саясатын талдоо бөлүмү**

- ССӨжМТБ тарабынан берилген талдоонун жана баалоонун негизинде саламаттык сактоо системасын башкаруу жана өнүктүрүү саясатын жана практикасын калыптандыруу маселелеринде КР ССМдин ишине көмөк көрсөтөт

**Менеджментти өнүктүрүү бөлүмү**

- Саламаттык сактоонун менеджментин күчөтүү жаатында бир катар демилгелерди ишке ашыруу максатында кадр саясатын жакшыртууда КР ССМдин ишмердүүлүгүнө көмөк көрсөтөт

**Далилдүү медицина жана медициналык технологиялар бөлүмү**

- клиникалык колдонмолорду (КК) жана клиникалык протоколдорду (КП) адаптациялоо/иштеп чыгуу жана кайра карап чыгуу; медициналык технологияларды баалоону киргизүү жана жүргүзүү

**Эл аралык жардамды координациялоо бөлүмү**

- натыйжалуу башкарылуучу донордук фонддорду түзүүгө, өлкө үчүн координацияланган жана натыйжалуу эл аралык жардам (колдоо) программаларын ишке ашырууга көмөктөшөт
- эл аралык кызматташтык аркылуу Борбордун өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү камсыздайт

**Борбордук илимий-медициналык китепкана**

- пайдалануучулардын маалыматтык ресурстарга жетүүсүнүн натыйжалуулугун жана сапатын камсыздайт

# Саламаттык сактоо саясатын талдоо бөлүмү



**Изилдөөлөрдө катышуу**

**Темалар:**

- «COVID-19 илдетинин балдардын жана аялдардын абалына таасири» (MICS);
- «2030-жылга чейинки мезгилде үй бүлөнү пландаштыруу жаатында 25 иш-аракет»
- КРда вакцинага болгон талапты түзүү боюнча онлайн валидациялык жолугушуу



**Саясатты талдоодо КР ССМге көмөк көрсөтүү**

- Республикадагы кадр саясатына талдоо жүргүзүү;
- Статистикалык маалыматтардын негизинде ССУнун ишмердүүлүгүн баалоону талдоо
- КР Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга «Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө» Программасын ишке ашыруу боюнча 2019-2023-жылдарга Иш-чаралар планын ишке ашырууга талдоо жүргүзүү жана баалоо.

# Эл аралык жардамды координациялоо бөлүмү: саламаттык сактоодо мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүүгө салым (1)

2021-жылдын 16-сентябрындагы ССМдин №1295-буйругуна ылайык, КР ССМдин алдындагы ССӨжМТБге саламаттык сактоодогу мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорунун механизмдерин координациялоонун жана илгерилетүүнүн башкаруучулук функциялары өткөрүп берилген. Азыркы учурда төмөнкү МЖӨ долбоорлору ишке ашырылууда:



КР ССМ менен «Fresenius Medical Care Deutschland GmbH» компаниясынын ортосундагы **«Бишкек, Ош жана Жалал-Абад шаарларында гемодиализ кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу» МЖӨ долбоору**

Бул долбоордун алкагында 4 диализ борбору ачылган – Бишкек шаарында экөө, ошондой эле Ош жана Жалал-Абад шаарларында бирден.

Ошондой эле диализ процедурасынын жаңы түрү – перитониалдык диализ ишке киргизилген.

# Эл аралык жардамды координациялоо бөлүмү: саламаттык сактоодо мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүүгө салым (2)




КР ССМ менен «АФЕЙ Холдинг» ЖЧКнын ортосундагы **«Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарында компьютердик томографтарды орнотуу» МЖӨ долбоору**
Инвестициялардын көлөмү 5 000 000 АКШ долларына жакын.

КР ССМ менен «Шаньшуй Силк Роуд КейДжи» ЖЧКнын ортосундагы **«Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарында дистанциялык литотрипсия аппараттарын орнотуу» МЖӨ долбоору**
Инвестициялардын суммасы 5 000 000 АКШ долларына жакын



# Далилдүү медицина жана медициналык технологиялар бөлүмү






Ниже представлен комплекс упражнений, который можно рекомендовать во время беременности.

Стоит сообщить женщинам, что при физиологическом течении беременности при неосложненной беременности никаких ограничений для сексуальной жизни нет.

Следует предоставить информацию, что длительные перелеты во время беременности опасны развитием венозного тромбоза, для профилактики которого рекомендуется использование компрессионных чулок или бинтов во время полета. Никаких других влияний на беременность не отмечено.

При езде на автомобиле беременная должна обязательно использовать ремни безопасности, причем сам ремень должен располагаться ниже или выше живота (в идеале должны использоваться специальные устройства с 2-мя ремнями).

26

**Клиникалык колдонмолорду жана протоколдорду (КК/КП), алгоритмдерди иштеп чыгуу**

- ✓ КР ССМ тарабынан 600 дөн ашуун документтер бекитилди, алардын 303 иштеп жатат.
- ✓ 2022-2023-жылдарда 42 КК, 34 КП, 7 алгоритм, 5 СОП иштелип чыкты жана кайра каралды.
- ✓ 2024-жылы офтальмология, онкология, гематология, проктология, дерматовенерология, гастроэнтерология, неврология, стоматология, кулак-мурун оорулары боюнча КК/КП иштелип чыгат.
- ✓ Телемедицина: эне жана баланын ден соолугун коргоо боюнча 10 КП санариптештирилди жана алгоритмдери Telemed KG платформасына трансформацияланды.

**Саламаттык сактоо технологияларын баалоо**

- ✓ Бул бөлүм Кыргыз Республикасынын 2024-2026-жылдарга турмуштук маанилүү дары каражаттарынын жана медициналык буюмдардын улуттук тизмесин түзүү боюнча Жумушчу топтун катчылыгы болуп саналат. (КР ССМдин 26.10.2023-6-ж. №1269-буйругу)
- ✓ Бөлүмдүн адистери мамлекеттик кепилдиктер программасынын жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасынын алкагында медициналык жана алдын алуучу кызматтардын пакеттерин түзүү боюнча

# Борбордук илимий-медициналык китепкана



БИМКнын окурмандарынын саны – **9690**дан ашуун

Жыл сайын окурмандарга **30 000**дан ашуун ар түрдүү басылмалар берилет.

Фонддо медицина жана ага байланыштуу тармактар боюнча **300 000**ден ашуун ата мекендик жана чет өлкөлүк басылмалар, ошондой эле сейрек кездешүүчү китептердин уникалдуу жыйнагы бар

БИМКнын колдонуучулары: медициналык кызматкерлер, илимий кызматкерлер, аспиранттар, медициналык ЖОЖдордун жана колледждердин студенттери, эл аралык уюмдардын долбоорлорунун өкүлдөрү.

БИМК далилдүү медицинанын принциптерин илгерилетүү боюнча илимий-маалыматтык колдоону камсыз кылат жана китепкана тармагы аркылуу бекитилген клиникалык колдонмолорду жана протоколдорду киргизет.

# Менеджментти өнүктүрүү бөлүмү (1)





Будь здоров!

Центр развития здравоохранения и медицинских технологий: Вызовы и возможности




**ССӨжМТБ өнөктөштөр жана эл аралык уюмдар менен жигердүү кызматташат**

«Саламаттык сактоону башкаруу системасын жакшыртуу / АОЗ-фаза III» долбоорунун алкагында Швейцариянын Өкмөтү тарабынан ССӨжМТБнын материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн (имаратты капиталдык оңдоо, компьютерлерди сатып алуу, эмерек ж.б.) каржылоо бөлүндү.

Потенциалды жогорулатуу максатында долбоор тарабынан ССӨжМТБнын адистерин окутуу үзгүлтүктүз жүргүзүлүп турат. Менеджментти өнүктүрүү бөлүмүнүн жамааты ЧУА жана методикалык колдонмолорду иштеп чыгууга жигердүү тартылып турат.

# Менеджментти өнүктүрүү бөлүмү (2)

**Негизги милдеттерди ишке ашыруунун алкагында бөлүмдүн кызматташуусу**

**КР ССМ**

•Адам ресурстарын башкаруу, иш кагаздарын жүргүзүү жана укуктук колдоо башкармалыгы
•Саламаттык сактоо уюмдары

**Өнөктөштөр**

- Швейцариянын Өкмөтү тарабынан каржыланган «Саламаттык сактоону башкаруу системасын жакшыртуу / АОЗ-фаза III» долбоору
- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин Ассоциациясы

**Билим берүү уюмдары**

- С.Б.Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту (КММДжКЖИ)
- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж.Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы
- М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети (КЭУ)

# Менеджментти өнүктүрүү бөлүмү (3)

**ЧУА жана КР ССМдин буйруктарынын долбоорлорун даярдоодо жана макулдашуу жол-жоболоруна катышуу**

- «Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервин түзүүнүн жана дайындоонун тартиби жана шарттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 25.01.2023-ж. №39 Токтому
- «Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерин аттестациялоо жана каттоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» КР ССМдин 27.02.2023-ж. №188-буйругу (деңгээли КР Министрлер Кабинетинин Токтому)
- «Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервин түзүүнүн жана дайындоонун тартиби жана шарттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 25.01.2023-ж. №39 Токтомун ишке ашыруу жөнүндө» КР ССМдин 16.02.2023-ж. №140-буйругу
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 25.01.2023-ж. №39 Токтомун ишке ашыруу боюнча КР ССМнин ондон ашуун буйругу бекитилди.

✓ ССӨжМТБнын сунуштамаларынын негизинде КР ССМнин «Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервине киргизүү жөнүндө» 20 буйругу чыгарылды.

# Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервин түзүү (1)

## Кеңири маалымат кампаниясын уюштуруу





- КР ССМдин 03.02.2023-ж. №81-буйругуна ылайык 2023-жылдын 8-февралынан 2023-жылдын 16-мартына чейин **Республиканын бардык аймактарында** 12 тегерек стол өткөрүлүп, ССУнун **214** жетекчиси окутулду.
- Туруктуу негизде арыз берүүчүлөр үчүн кадрлар резерви жана жетекчи кызмат орундарына дайындоо жөнүндө жобо, компетенциялардын каталогу, ССУнун жетекчилерин баалоо жана аттестациялоо индикаторлору боюнча онлайн консультациялар/ окуулар өткөрүлдү.

# Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервин түзүү (2)

**Резервдеги адамдар үчүн «Саламаттыкты сактоону башкаруу» квалификациясы боюнча кесиптик кайра даярдоо программасы**

**2022-жылы** КММДжКЖИнин базасында «Саламаттык сактоону башкаруу» квалификациясы боюнча Кесиптик кайра даярдоо программасы боюнча пилоттук окутуунун жыйынтыгы боюнча (15 сабак, 540 саат, узактыгы 3,5 ай) 38 адам Мамлекеттик үлгүдөгү күбөлүктөрдү алышты. Ошондой эле КР СММнин 37 угуучусуна саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин бош кызмат орундарына конкурстук тандоодо катышуу укугу жана (экинчи, биринчи, жогорку) квалификациялык категорияны ыйгаруу менен Сертификаттар берилди.

**2023-жылда** саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин компетенцияларын жогорулатуу системасын андан ары өнүктүрүү жана аларды даярдоо чөйрөсүндө жалпы билим берүү мейкиндигин түзүү максатында КР Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан эки ЖОЖ менен кызматташуу жөнүндө Макулдашууга кол коюлду: Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж.Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы жана М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети (КЭУ). Ушул ЖОЖдордун базасында угуучулардын 4 тобу бизнес-модель боюнча пилоттук окутуудан өтүп, окууну **89** угуучу аяктады.

ОРМ ССӨжМТБнын кызматкерлери координациялык иш-чараларды, билим берүү компоненти боюнча логистиканы камсыз кылат, окутууга өтүнмөлөрдү кабыл алып, топтордун тизмесин КР ССМнин АРБИЖжУК менен макулдашат.

# Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервин түзүү (3)



**ССӨжМТБ өткөрүп берилген ыйгарым укуктардын алкагында резервдеги адамдарды тестирлөөдөн өткөрүүнү камсыз кылат:**

- «Саламаттык сактоону башкаруу» квалификациясы боюнча кесиптик кайра даярдоо программасы боюнча окутууну аяктагандагы жыйынтык тестирлөө – курстун узактыгы 540 саат
- Алгачкы аттестацияны өткөрүүнүн алкагында тестирлөө.

*Автоматташтырылган режимде алгачкы аттестациядан өтүүнүн жыйынтыгы боюнча саламаттык сактоо уюмдарынын профили боюнча резервдегилердин рейтинги түзүлөт.*

**Координациялык иш-чаралар:**

- Резервдегилерден арыздарды топтоо, баштапкы маалыматты таратуу, тесттик суроолорду жана адабияттарды басып чыгаруу, графиктерди макулдашуу жана техникалык коштоо;
- Тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча сертификаттарды тастыктоо жана квалификациялык категория берүү үчүн КР ССМге сунуштама киргизилет.

# Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервин түзүү (4)

## «Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин Реестри» АМС иштейт hsi.kg

Реестр- бул резервдик катышуучулар жөнүндө көрсөтүлгөн параметрлер боюнча маалыматты автоматтык түрдө иштеп чыгууга жана берүүгө мүмкүндүк берүүчү инструмент.

-кадр резервин түзүү жана иштөө процессинде;
-эмгек келишимдерин түзүүгө чейин жол-жоболорду жүргүзүүдө;
-аткаруу натыйжаларын аныктоодо;
-Резервте турган адамдарды региондор боюнча, жашы, жынысы, стажы, кесиптик даярдыгынын деңгээли жана профили боюнча  сандык жана сапаттык курамы жөнүндө маалымат алалабыз;

- Учурда резервге 381 адам катталган, анын ичинен 60 адам «конкурстук тандоого жана дайындоого катышууга укуктуу»;



# Реестрдеги маалыматка жетүү деңгээли жана колдонуучулар тобу

## ССУ жетекчилеринин Реестри

**1. Ар бир адам үчүн жеткиликтүүлүктүн жалпы деңгээли**

**2. Өтүнмө ээси (резервдин катышуучусу, ССУ жетекчиси) үчүн Жеке кабинет аркылуу жеткиликтүүлүк деңгээли**

**А. Арыз ээси -** резервдин курамына киргизүү жана саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерин кызматка дайындоо жол-жоболоруна катышуу боюнча электрондук кызмат көрсөтүүлөрдү алууну каалаган, КР ССМге расмий арыз берген жеке же юридикалык жак.

**Б. Резервдин катышуучусу -** КР ССМ буйругуна ылайык саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин резервинин курамына киргизилген, реестрдин функционалдык мүмкүнчүлүктөрүнө жеткиликтүү жеке адам.

**3. Администратор үчүн кирүү деңгээли**

**Администратор -** ченемдик укуктук жана тармактык актыларга ылайык реестрдин алкагында иш-чараларды уюштуруучулук (логистикалык) коштоочу жооптуу мамлекеттик мекеменин кызматкери.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жетекчилиги** реестрдин алкагында «отчет түзүү» модулунан түзүлгөн саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин ишинин негизги параметрлерине жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Реестрдин программалык камсыздоосунун баштапкы кодуна код берүү жана өзгөртүүлөрдү (толуктоолорду) киргизүү ченемдик укуктук жана тармактык актыларга ылайык КР ССМнин буйругу боюнча гана мүмкүн.

# ССӨжМТБ 2024-2025-жылдарга уюштуруучулук өнүгүүнүн чакырыктары жана мүмкүнчүлүктөрү (1)

- ✓ *КР ССМ* жана башка ыйгарым укуктуу тараптар менен бирдикте *ченемдик-укуктук документтерди даярдоого түздөн-түз катышуу* аркылуу саламаттык сактоо системасынын иштешинин ченемдик жана методикалык базасын түзүүдөгү өзүнүн ролун күчөтөт

- ✓ *Саламаттыкты сактоодо мониторинг жана баалоо (МжБ) функциясын* өнүктүрүүдө, анын ичинде ар кандай дизайн жана ыкмалар менен аналитикалык изилдөөлөрдү колдонууда маанилүү роль ойнойт;

- ✓ Саламаттык сактоо уюмдарынын деңгээлинде жетекчилердин компетенттүүлүгүн камсыз кылууга басым жасоо менен саламаттык сактоону башкаруунун бүткүл системасын өркүндөтүү үчүн *саламаттык сактоодо менеджментти өнүктүрүүнү ар тараптуу колдоо функциясын* түзөт жана ишке киргизет;

# ССӨжМТБ 2024-2025-жылдарга уюштуруучулук өнүгүүнүн чакырыктары жана мүмкүнчүлүктөрү (2)

- ✓ *Практикалык саламаттык сактоого далилдүү медицина принциптерин илгерилетүүдө жана* башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн *медициналык технологияларды баалоо функциясын киргизүүдө* негизги ролду ойнойт;

- ✓ Бүткүл саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү *үчүн эл аралык кызматташтыкты жана өнөктөштүктү натыйжалуу координациялоону колдоо функциясын ишке киргизет;*

- ✓ Маалыматка жетүүнүн электрондук платформаларын кеңири колдонууга басым жасоо менен *борбордун маалыматтык функциясын андан ары өнүктүрүүнү* жана билим берүү жана практикалык саламаттык сактоо үчүн китепкана ишин өнүктүрүүнү тездетет.

# КӨҢҮЛ БУРГАНЫҢЫЗДАР ҮЧҮН РАХМАТ!